**ТАРБИЯ ЖАНА ТААЛИМ**

**ВОСПИТАНИЕ И ОБУЧЕНИЕ**

**EDUCATION AND TRAINING**

***Бейшенбаева Бусара Турар**овна,*
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***ага илимий кызматкери,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

## ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛА ТАРБИЯЛООДО АТАНЫН РОЛУ

***Бейшенбаева Бусара Турараровна,***
***старший научный сотрудник,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

## РОЛЬ ОТЦА В ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ В СЕМЬЕ

***Beishenbaeva Busara Turarovna,***
***Senior Researcher,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

## THE ROLE OF THE FATHER IN CHILDREN'S RAISING

***Аннотация:*** *Макалада баланы тарбиялоодо атанын ролу жөнүндө сөз болот. «Үй-бүлөнүн астанасы ата менен башталат» – дегендей жашоонун тиреги да, туусу да, үйдүн берекеси да ата. Ал баласын эмгекчил, уйкучу болбой, тың, шар жүрүүгө тарбиялайт. Баланын келечегин түптөөдө атанын социалдык, тарбиялык ролу чоң. Баланы тарбиялоо ата-эненин, мектептин, коомчулуктун, мамлекеттин да иши. Себеби жаштар, биздин келечегибиз. Макалада ушул маселелер жөнүндө сөз болуп, үй-бүлө тарбиясындагы атанын ролу көрсөтүлөт.*

***Аннотация:*** *В статье говорится о роли в воспитании ребенка. Как говорится в кыргызской пословице «Порог дома начинается с отца», отец – это поддержка, опора, благо семьи. Отец учит детей к труду, воспитывает быть ответственными, не быть ленивыми. Социальная, воспитательная роль отца имеет важное значение для будущего детей. Воспитание ребенка – это отвественность родителей, школы, общества, государства. Ведь молодое поколение – это наше будущее. В статье показана также роль отца в семейном воспитании.*

***Annotation:*** *The article talks about the role in raising a child. As the Kyrgyz proverb says, "The threshold of a home begins with the father," a father is support, support, and the blessing of the family. The father teaches children to work, educates them to be responsible and not to be lazy. The*

*social, educational role of the father is important for the future of children. Raising a child is the responsibility of parents, school, society, and the state. After all, the young generation is our future. The article talks about these issues and shows the role of the father in family education.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *үй-бүлө, ата, бала, кыз, тарбия, улуттук нарк, келечек, эмгек, баба салты, насыят, камкордук, жоопкерчилик, аталык парз, мекенчилдик, уланмалуулук.*

***Ключевые слова:*** *семья, отец, сын, дочь, воспитание, нациольная ценность, будущее, труд, традиция, забота, ответственность, отцовский долг, патриотизм, непрерывность.*

***Key words:*** *family, father, son, daughter, education, national value, future, work, tradition, care, responsibility, paternal duty, patriotism, continuity.*

**Киришүү.** Илгертен эле кыргыз эли бала тарбиялоого чоң маани беришкен. Бекеринен элибизде бала жөнүндө макал-ылакаптар айтылып калбаса керек. Мисалы: «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат», «Бала чегилбеген жумуртка», «Атаны көрүп уул өсөт, энени көрүп кыз өсөт», «Жаман болуш бир паста, жакшы болуш аста-аста», деп элибизде акылман накыл сөздөр айтылып калган. «Баланы тарбиялоо-ташты кемиргенге барабар» деген макалдын маанисине көңүл бурсак. Бала тарбиялоо-татаал иш деген ойду айтып турат. Бир мүнөттү текке кетирбей балага көңүл буруу, ата-энеси дайыма жанында болуу, мээримин төгүп, үйрөтүп, айтып турууну, түшүндүрүү үзгүлтүксүз көзөмөлгө алып көңүл бурууну талап кылган процесс. Жашоодо муундар алмашып турушу мыйзам ченемдүү нерсе. Ошондуктан «Балдар биздин келечегибиз» – деген накыл сөздүн мааниси терең. Биз балдарыбызды-эмгекчил, таза, чынчыл, дени сак, аракетчил, ыймандуу сергек, билимдүү болгондой тарбиялашыбыз абзел. Биздин балдарыбыз биздин ордубузду ээлешет. «Адам акылы менен адам», «Адам көркү адеп», «Адамдын мыктысы жөнөкөйлүк» – деген элибизде накыл сөз айтылып келгендей ушул макаладагы ой менен биздин балдарга берген тарбиябыз үндөшүп турушу керек [1].

Ата-эне, коомчулук, мектеп-балдарга жакшы тарбия берүүгө аракеттенебиз, бирок бойго жеткенде жаштардын терс көрүнүштөргө туш болгонун көрүп кабатырланабыз. Ошондуктан кийин кеч болуп өкүттө калбаш үчүн бала тарбиялоодо ата-энелер болгон мүмкүнчүлүгүбүздү жумшашыбыз керек.

Ар бир кыргыз баласы балалык кезин, үй-бүлөсүн, ата-энесин, бир туугандарын киндик кан тамган кичинекей мекенин-айылын сыймыктануу менен айтышат. Айылын сагынып, куса болуп, айылына бир айда бир келип, абадан кере-кере жутуп, май айында тоого чыгып эс алып, кубаттанып келерин дайыма айтып жүрүшөт. «Туулган жердин топурагы алтын» деп элибизде накыл сөз бекеринен айтылбаса керек. Туулган жериң ар бир адамды өзүнө тартып турат окшойт. Ал эми ата-энең, бир туугандарыңды эч нерсеге теңей албайсың. «Бактылуу балалык» деген учкул сөздүн чындыгы бар окшойт. Апаңдын, атаңдын ар бир айткан сөзү эсиңде. Балам жакшы болсун, өзүнө тың, ыймандуу, адептүү, акылдуу, өзүнүн жашоосун алып кеткен мени уятка калтырбай, баланчанын баласы жакшы болду деген аруу тилек менен ата тарбиялайт.

**Изилдөөнүн максаты.** Үй-бүлөдөгү атанын тарбиячы катары ролун тарыхый мурастардын: макал-ылакаптардын, тарыхый булактардын «Манас» эпосунун мисалдарынын негизинде аныктоо.

**Изилдөөнүн методдору:** Анализ жана синтез, индукция жана дедукция.

**Негизги мазмуну.** Ата баласын уйкучу болбой, эмгекчил, тың, шар жүрүүгө тарбиялайт. Ата-бабабызда «атанын айтканы ок» деген сөз бекеринен айтылбаса керек. Ата тарбиясын көргөн, ата тарбиясын көрбөгөн деген сөз бар. Жакшы тарбияланган бала болсо, атасы ушундай киши болчу, атасын тартыптыр, жакшы тарбия берген да деп элибизде айтылат. «Атасынан кем бала, атасына тең бала, атасынан артык бала» деген да эң жакшы айтылган накыл сөз бар. Демек, элибизде ата тарбиясын жогору коёт. Элибизде дагы жакшы макал бар: «Атаң барда эл тааны, атың бар жер тааны». Ата

уулуна кичине кезинен баштап эле жети атанын, тегин билүү менен урук тууганын айтып, алар менен карым-катнашта болуусун насыяттайт. Ата дайыма уулуна эркек бол, жигит бол, бош болбо, ыйласаң кызга окшоп каласыңң, эркек ыйлабайт, башыңды өйдө көтөр, коркок болбо, намыстуу, өжөр, чыйрак, таза бол деп тарбиялап келет. Кээде ойлойсуң, атанын ороң-бараң этип урушуп коюшу да балдар үчүн туура тарбия го деп ойлойм. Аталар: 1-Улууларды көргөндө учурашкын, кол берип – деп баласына эскертип айтып турушат. Биздин элибизде саламдашууга чоң маани берет эмеспи.

«Бычакка сап жигит» барбы биздин арабызда деген сөздүн мааниси зор.

Элдин башына кыйчалыш күн туш келгенде, элдин максат-мүдөөсүн, келечегин ойлогон, тилегин ишке ашырган, эр азаматтарга карата айтылат.

Ошол үчүн уулду тарбиялоодо атанын милдети чоң. Кыргыз эли уул баланы бир үй-бүлөнүн камкору эмес, ал бүт элинин камкору болушу зарыл [2].

Илгертен эле ата-бабабыздын салтында уул тарбиялоодо атанын ролу негизги орунда турарын билебиз. Тээ байыртан бери түрк дүйнөсүндө «Ата-мекен, эне-нур» деген макал жашап келет. Орхон-Енисей жазууларында Ата түшүнүгү ырасында эле, Ата, Мекен, мамлекет, эл журт сыяктуу чоң категориялар менен бирдикте каралат жана буларды көп жагынан символдоштурат [4].

Чынында эле ата-бабабызда уул балага чоң милдеттерди артып келген. Жашоодо бала тарбиялоодо көз жаздымда калтырып, майда-барат нерсе деп маани бербей коюуга болбойт. Көзгө көрүнбөгөн майда-барат нерселер да маанилүү.

Ата баланы тарбиялоодо жүрүм-турум этикасына үйрөтүү аба менен суудай керек. Адамдар менен кантип сүйлөшүш керек, тамактануунун кандай эрежелери бар, көчөдө өзүңдү кандай алып жүрүшүң керек, мектепте классташтарың менен кандай мамиледе болушуң керек, тазалыктын, спорттун, эмгектин мааниси адам баласы үчүн зарыл экенин түшүндүрүп айтып туруу ата-эненин милдети. Сарамжалдуулукка акчаны туура колдоно билүүгө үйрөтүү да жашоодогу негизги нерселердин бири.

Боорукерлик – бири-бирине жардам берүү. Жашоодо кыйналып жаткан адамга жардам берүүдө – ал адамдын ички дүйнөсү тазарат. Андан кубат алат, шыктанат, дагы адамдарга көбүрөөк көңүл буруп тарбиялоо, бүгүнкү күндө көйгөйлүү маселелердин бири деп ойлойм.

Жөнөкөйлүүлүк – бул тарбиянын адамдык сапаттын башталышы десем болот. Бой көтөрүү, кекирейүүчүлүк, теңине албоо, өзүн өйдө коюу терс сапаттардан алыс болууну байма-бай айтып туруу мезгилдин талабы. Канчалык баланы эмгекке тарбияласак, ал бала жөнөкөй болот. Себеби эмгек адамды жөнөкөйлүүккө үйрөтөт.

Ата үй-бүлөдө негизги орунда турат. «Атанын сөзү ок» деп бекеринен айтылбаса керек. Атасы жакшы тарбия бергендин балдары жашоодо «камчы салдырбайт», ордун табат. «Аталар сөзү-акылдын көзү» деген накыл сөздө терең ой жатат.

Адеп тарбиясында атанын орду жана ролу «Үй-бүлөнүн астанасы ата менен башталат» – деп айтышкан кеменгерлер. Ата үй-бүлөдө өзгөчө орунду ээлейт. Ата үйдүн пири, ээси катары кабылданган. Кандай гана кырдаалда болбосун бала атасынын көзөмөлүндө болгон. Атанын үлгүсү бала үчүн жашоонун өлчөмү, жол көрсөткүчү. Ошондуктан «Атаны көрүп уул, энени көрүп кыз өсөт» – деген макал айтылат. «Аталуу уул – кожолуу кул» дешкен. Атанын айтканы балдарына мыйзам катары эсептелген. Аталар эркек балдарды Ата Мекенди, элди, Ата-Журтту жана туулган жерди баалоого, көздүн карегиндей сактоого, сүйүүгө, коргоого, эч кимге тепсетпөөгө, ошондой эле эрдик жаратууга, кайраттуулукка үйрөткөн. Ата тарбиясын алган бала ат үстүндө чапчаң, шамдагай, ыкчам жүрө билүүгө, айткан сөз, берген убадага бек болууга тарбияланган. Ата-эне баланы жараткандыгы үчүн эмес, аны адептүү, акылдуу кылып тарбиялагандыгы үчүн эл алкышына ээ болот. Балдары жаман болуп калган ата-эне элден алыстап, калк жыйналган жерге буту тартпай, кайгы менен үйдө отуруп калат. Мына ошондуктан

«Улуу көч каякка барса, кичүү көч ошол жакка барат» деп үй-бүлөдөгү тарбияны кийинкилерге жеткирүү милдет катары эсептешкен. Кыргыз менталитетинде «ата-нын жаманы болбойт» – деген салттык түшүнүктү түптөп кеткен. «Калыгул олуя адамдык бийик сапаттар оболу ата-баланын тарбиясына байланыштуу экенин «Ата деген ата, эне деген эне, ата деген балага арка-бел болот. Корголосоң аска-зоо болот, бала да эртең ата болот, ошон үчүн ата балага аска-зоо болот да коёт. Бала атадан акыл, таалим алат. Ата дөөлөтү менен өргөөсүнө туу сайылып, кермесине күлүк байланат. Заманга жараша топко аралашып, эл башына шайланат. Атанын кеби – Аллаанын кеби» [5, 105].

Ата түшүнүгүнүн статусу да өтө жогору. Буга кыргыз элинин *«Ата – алтын түркүк», «Ата – аскалуу зоо», «Ата арбагы – ыйык», «Атанын сөзү – акылдын көзү», «Ата – өчпөс чырак, Эне – соолбос булак»* деген макалдары күбө. Кыргыздын түшүнүгүндө бала атанын руханиятынын уландысы, мурасчысы. Уул-кыз үчүн ата – тутуна турган тутка, кармана турган туу.

Бүгүнкү күндө Жогорку Кеңеш аталар күнүн белгилөө боюнча мыйзам долбоорун талкууга койду. «Кыргыз туусу» газетасы жазгандай, долбоордун максаты – коомдун өнүгүшүндө аталардын ролун жана кошкон салымын белгилөө, ошондой эле үй-бүлөнү чыңдоо жана эркектин жоопкерчилигин жогорулатууга багытталган. «Аталар күнүн белгилөө балдарды тарбиялоого жана үй-бүлөсүнө кам көрүүгө жигердүү катышып жаткан аталарды даңазалоого мүмкүндүк берет. Мындай колдоо бала тарбиялоо эненин гана милдети деген стереотиптерди жоюуга өбөлгө болот. Ата менен уулдун ортосундагы эмоционалдык байланышты өнүктүрүүнү, сый-урматты калыптандырууну камтыйт», – дейт Жогорку Кеңештин депутаты Медер Алиев [6].

Үй-бүлөдө баланы тарбиялоодо ата-эненин ролу чоң. «Алма сабагынан алыс түшпөйт» деген накыл сөз элибизде бекеринен айтылбаса керек. Бала да, кыз да ата-энесинен тарбия алат. Бала атасындай болгусу келет.

Ата-эне бири-бирине аяр мамиле жасоо менен баласы менен кызынын аң-сезимине таасир этишет.

«Балдар аталарга төрт жашынан кийин гана жакындашат. Ушул жашынан баштап ата бала үчүн өрнөк инсанга айланат. Төрт жашка чейин ата көп таасирдүү боло албайт. Анткени, бул курактарда эненин таасири күчтүү. Баланын психикалык өнүгүп өсүү-сүндө эненин ролу чоң. Ал экөөнү ажыра-тууга болбойт. Бул убактарда ата, энеге үй иштеринде жардамчы болууга, ага материал-дык жана моралдык колдоо көрсөтүүгө, бала менен колдон келишинче көбүрөөк убакыт бөлүүгө тийиш» [8. 73-б.].

Ата баланы тарбиялоодо четте калбашы керек. Кээ бир аталар энелер гана милдет-түүдөй сезишет. Ата дагы баласы менен сүйлөшүп, баласы эмнеге кызыгат, эмнеге жөндөмдүү, жумуш кылса да жанына алып жүрүүнүн да мааниси зор. Ата-энеси бар балдар толук үй-бүлө болуп саналат эмеспи. Бала тарбиялоодо ата-эне өздөрүнө жакшы мамиле жасоо, бири-бирин түшүнө билүү, бири-бирине урушпай акырын сүйлөп ма-миле жасоосу зарыл.

Демек, ата-эне баласы, кызы үчүн жашоону таанып билүүдө күзгү болуп эсептелинет.

«Манас» эпосуна кайрылсак, Жакып Манасты кантип тарбиялаган? – деген ой туулат. Өз эли-жеринен сүрүлүп, Алтайга барган кыргыз эли кантип өз эли-жерибизге кетебиз деп тилек үмүт кылышат, элдин багына Манастын төрөлүшү анын ымыркай кезинде жандан башкача касиеттери, торо-луп, чоңоюшу Жакып канаттууга кактырбай тумшуктууга чокутпай эмгекке бышырып, чыдамкай, сабырдуу, эч нерседен тартын-баган кайраттуу, эр жүрөк сапаттарга ээ кылып тарбиялайт. Жакып Манаска жети атасын айтып, «басып өткөн жолдорун, жортуул заманда кыргыз элинин оор таг-дырын, канткенде эркин заманга жетебиз деген үмүттөрүн Манастын кулагына кумдай куюп, айтып отурат. Ошондуктан Манас баатырда патриоттук сезим күч алып, элдин тилегин ой мүдөөсүн, үмүтүн аткаруу бирден бир милдет болуп саналат.

Манастын эрдиги, баатырдыгы, айкөлдүгү, даанышмандыгы, эли-жерин сүйгөн патриот экендиги ар бир кыргыз жигити үчүн жашоонун урааны болуп эсептелинет.

Ал эми ата-бабабыздын тарыхына кайрылсак, Орхон-Енисей жазууларында ташка чегилген жазуулардын маанисине токтолсок тогуз жолдун тоомуна коюлуп, кийинки муундарга сабак болсун деген терең ой бар экенин түшүнсөк болот[3, 13-б.].

Эл башкарган каган эл үчүн камкордук көрбөсө, мамлекет жок болуп кетиш коркунучу бар экени айтылат. Күн-түн уктабай душман менен согушуп, аз элди көп кылганы, кыздарыбыз күң болбой, балдарыбыз кул болбой эркиндикте жашап жатканын даңазалайт. Атасынын ордуна уулу же иниси каган болуп, туура эмес бийлик жүргүзгөнү элдин кыйналганына чейин ташка чегилип жазылган. Жортуул заманда аталар уулдарын эс тартып эрезеге жеткенде, жанына кошо алып жүрүп, акыл-насааттарын айтып жашоого үйрөтүшүп алдыда эли жерин коргоп, сактоону түшүндүрүшкөн [7]. Эр жигит эли үчүн «Канжыгага башын байлап койгон» деген накыл сөз элибизде бекеринен айтылып калбаса керек. Себеби глобалдашуу доорунда улуттардын жок болуп кетүү коркунучу баш багып турганда, ар бир кыргыз жаранынын, ар бир кыргыз уулунун эли-жери үчүн камкордук көрүү жана улуттук нарк-насилин сактоо негизги милдет деп эсептейм.

**Корутунду.** Демек, корутундулап айтсак атанын бала тарбиялоодогу ролуна ата-бабабыз чоң маани берип келген. Ошондуктан эл оозунда терең мааниси бар макал-ылакаптар айтылып калган. Мисалы: «Атанын сөзү ок», «Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны», «Аталар сөзү – акылдын көзү» деген макалдарда ата – үй-бүлөдө негизги орунда турарын айгинелеп турат.

Орхон-Енисей ташка чегилген жазуулардын маанисинде уул эли-жерин коргоодо, душмандан сактоого, эли күң, кул болбой эркин жашоо үчүн камкордук көрүү негизги милдет экени чагылдырылган [3, 17-б.].

«Манас» эпосунда Манастын баатыр болуп чыгышына ата-энесинин, Акбалтанын тарбиясы зор экенине биз окурмандар күбө болобуз. Манаста патриоттук сезим күч алып, кыргыз элин эркиндикке алып чыгып, мамлекет катары сактап калган ошондуктан уулдарыбызга туура тарбия берүү атанын бирден-бир милдети.

Ж. Мамытовдун:

«Ата-Журт кыйын күнгө кабылганда,
Айлансын ар бир уулуң чагылганга»

деген ыр саптарында жигиттерди Ата Мекенди сүйүүгө, көздүн карегиндей сактоого бийик пафос менен чакырып кеткен. Демек, ар бир кыргыз уулу алдыдагы милдетин терең түшүнүшү керек.

**Адабияттар:**

1. Нускаев К.С. 2200 макал-лакаптар. – Бишкек: «Бийиктик» басмасы, 2003. – 192 б.
2. Султанбаев А. Өткөндөн элестер. – Бишкек: Принт Экспресс, 2024. – 195 б.
3. Байгазиев С.О. Байыркы орхон-енисей жазууларынын этикасы жана педагогикасы. – Бишкек: «Алтын тамга», 2015. – 44 б.
4. Байгазиев С.О. Канткенде адам уулу адам болот? – Бишкек шаары, «Алтын тамга», 2020. – 255 Б.
5. Жоошбаев Н.К. Педагогикалык кадрларды даярдоодо мектептик билим берүү менен кесиптик билим берүүнүн байланышы // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2019. – № 2 (48). – С. 103-110.
6. «Кыргыз туусу», 15.03.2024-ж. № 22
7. «Кыргыз туусу», 13.05.2025-ж. № 33
8. Муратов А., Акматов К. Бала тарбиялоодогу кыргыз керемети. – Бишкек, 2020. – 395 б.

***Рецензиялаган:***
***Муратов А.Ж.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***